# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
# ЭЛ АРАЛЫК МЕДИЦИНАЛЫК ФАКУЛЬТЕТ

**Коомдук саламаттыкты сактоо далилдүү медицина курсу менен кафедрасынын сентябрь айында өткөрүлгөн № 2 жыйынынын протоколу**

**Төрайым**: кафедра башчысы, доцент, PhD Акбалаева А.Б.
**Катчы:** Кубанычбек кызы Токтайым.
**Катышкан окутуучулардын саны:** 25
**Өткөрүлгөн жери**: Ош ш., Монуева көч., 5, ЭМФ-2, 101-кабинет
**09.10.2025**

## КҮН ТАРТИБИ

1. 2025–2026-окуу жылына карата кафедранын профессордук-окутуучулук курамынын (ПОК) окуу жүктөмүн жана штаттык курамын бекитүү.
2. 2025–2026-окуу жылына кафедранын иш пландарын талкуулоо жана бекитүү
(кафедранын жалпы иш планы, кафедра жыйындарынын планы, окуу-методикалык иштердин планы).
3. 2025–2026-окуу жылына НББП, окутуунун натыйжалары, кафедранын дисциплиналары боюнча компетенциялар матрицасын, силлабустарды жана баалоо фонддорун (ФОС) талкуулоо жана бекитүү, *my edu* платформасына жүктөлүшүн талдоо.
4. Окутуучулардын жеке баракчаларын (личный листок) талкуулоо жана толтуруу.

ЖЫЙЫНДЫН ЖҮРҮШҮ

**УГУЛДУ:**

**1.** Кафедра башчысы Акбалаева Б.А. сөз сүйлөп, 2025–2026-окуу жылына карата профессордук-окутуучулук курамдын окуу жүктөмү жана штаттык курамы менен тааныштырды.
Кафедранын төмөнкү дисциплиналары боюнча жүктөмдөр каралды: микробиология, жугуштуу оорулар, эпидемиология, кесиптик оорулар, коомдук саламаттык жана саламаттык сактоо.
Лекциялык, практикалык жана лабораториялык сабактардын көлөмү, ошондой эле дисциплиналарды ар кандай курстарда окутуунун

өзгөчөлүктөрү талкууланды.
Окуу жүктөмү билим берүү стандарттарына жана бекитилген окуу пландарына ылайык түзүлгөнү белгиленди.

2. Сөзгө чыкты: Ырысбаев Э. 2025–2026-окуу жылына кафедранын иш пландарынын долбоорун сунуштады.
Пландардын курамына кафедранын жалпы иш планы, кафедра жыйындарынын планы жана окуу-методикалык иштердин планы киргизилгени белгиленди.
Окуу процессинин сапатын жогорулатуу, магистратура жана докторантура программаларын өнүктүрүү, илимий-изилдөө иштерин активдештирүү маселелерине өзгөчө көңүл бурулду.

3. Сөзгө чыкты: Парпиева Т. НББП, окутуунун натыйжалары, кафедранын дисциплиналары боюнча компетенциялар матрицасы, силлабустар жана баалоо фонддору (ФОС) тууралуу баяндама жасады.
Документтер 2025–2026-окуу жылына карата жаңыланып, билим берүү программаларынын күтүлүүчү жыйынтыктары менен шайкеш келтирилгени белгиленди.
Ошондой эле *my edu* платформасына УМК, силлабус жана ФОС материалдарынын жүктөлүшүнүн абалы талданып, айрым дисциплиналар боюнча толуктоо жана тактоо зарылдыгы белгиленди.

4. Сөзгө чыкты: Ырысбаев Э. окутуучулардын жеке баракчаларын (личный листок) толтуруу тартиби тууралуу маалымат берип, документтерди өз убагында жана талапка ылайык толтуруу зарылдыгын белгиледи.
Жеке баракчаларда окуу, илимий, методикалык жана тарбиялык иштер толук чагылдырылышы керектиги айтылды.

**ЧЕЧИМ:**

1. 2025–2026-окуу жылына кафедранын профессордук-окутуучулук курамынын окуу жүктөмү жана штаттык курамы бекитилсин.
2. 2025–2026-окуу жылына кафедранын иш планы, кафедра жыйындарынын планы жана окуу-методикалык иштердин планы бекитилсин.
3. 2025–2026-окуу жылына кафедранын дисциплиналары боюнча компетенциялар матрицасы, силлабустар жана баалоо фонддору (ФОС) бекитилсин. *My edu* платформасына бардык окуу-методикалык

Scanned with CamScanner

материалдардын өз убагында жана толук жүктөлүшү камсыздалсын. Кафедранын бардык окутуучулары жеке баракчаларын белгиленген мөөнөттө толтуруп, кафедра башчысына тапшырышсын.

4. Жогорудагы чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөө кафедра башчысы Акбалаева Б.А.га жүктөлсүн.

Кафедра башчысы ________________________ Акбалаева А.Б.

Катчы ________________________ Кубанычбек кызы Токтайым

Scanned with CamScanner